**2014-жылдын январь-июль айлары ичинде акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн өзгөрүү багыты (динамикасы)**

2014-жылдын январь-июль айлары ичинде өлкөнүн экономикалык өсүшү (УСК маалыматтары боюнча) 3,3 пайызды түзгөн (2013-жылдын январь-июль айлары ичинде – 7,7 пайыз), «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканасын эске албаганда, реалдуу ички дүң өнүм (ИДӨ) 2,6 пайыздык өсүшкө ээ болгон.

2014-жылдын июль айында инфляция жылдык мааниде алганда 7,8 пайызды түзгөн, 2013-жылдын ушул эле мезгилинде ал – 7,7 пайыз чегинде катталган.

2014-жылдын башынан бери АКШ долларынын сомго карата расмий курсу 5,1 пайызга өсүү менен 51,7518 сомду (2013-жылдын январь-июль айларында – 3,1 пайыз) түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил аралыгында акча базасы 0,2 пайызга кыскаруу менен 72 962,1 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь-июль айлары ичинде акча базасы 6,6 пайызга өскөн эле), анын ичинде жүгүртүүдөгү акча башка депозиттик корпорациялардын камдары (резерв) 9,4 пайызга көбөйгөн шартта, 1,1 пайызга азайган.

Июль айынын акырына карата абал боюнча акча базасынын түзүмүн, өткөн жылдагы ушул көрсөткүчтөргө салыштырганда төмөнкүчө мүнөздөөгө болот:

- жүгүртүүдөгү акчалардын үлүшү 90,7 пайызды;
- башка депозиттик корпорациялардын камдарынын үлүшү 9,3 пайызды түзгөн.

Башка депозиттик корпорациялардын камдарынын түзүмүндө милдеттүү камдар жыл башынан бери 9,1 пайызга көбөйүү менен 5 806,2 млн. сомду түзгөн, үстөк камдар 10,9 пайызга көбөйүп, 958,1 млн. сомго жеткен (өткөн жылдын ушул эле мезгилинде үстөк камдар 22,8 пайызга кыскарган шартта, милдеттүү камдар 10,9 пайызга өскөн).

Акча базасынын кыскарышы негизинен Улуттук банктын операциялары менен шартталган, 2014-жылдын январь-июль айлары ичинде ал акча базасын 639,0 млн. сомго азайткан, мында акча базасынын 462,8 млн. сомго көбөйүүсүнө Өкмөттүн операциялары салым кошкон.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде акча базасына Улуттук банктын төмөнкү операциялары таасир эткен:

- валюта операциялары акча базасын 10,2 млрд. сомго азайткан;
- «овернайт» депозиттери – жайгаштырылган каражаттардын көлөмү 61,9 млрд. сомду түзгөн;
- «овернайт» кредиттери – берилген каражаттардын көлөмү 44,5 млрд. сом чегинде катталган;
- кредиттик аукциондор – берилген каражаттардын көлөмү 1,8 млрд. сомду түзгөн;
- ички рынокто алтынды сатып алуу 494,2 млн. сомго жеткен.

Жылдын январь-июль айлары ичинде таза чет өлкө активдери 7,0 пайызга (же 6 945,7 млн. сомго) көбөйгөн, бул активдердин өсүшү сомдун наркынын түшүүсүнүн натыйжасында нарктык баа берүүнүн өзгөрүшүнөн (+5 761,1 млн. сом), ошондой эле операцияларды ишке ашыруунун эсебинен өзгөрүүлөрдөн улам келип чыккан (+1 184,6 млн. сом).

Дүң эл аралык камдар 2014-жылдын январь-июль айлары ичинде доллар түрүндө 2 265,0 млн. АКШ долларына көбөйүп, 24,8 млн. АКШ долларын түзгөн.

Таза ички активдер ушул мезгил ичинде 7 123,0 млн. сомго азайган. Буга сомдун нарксызданышынан улам нарктык баа берүүнүн өзгөрүүсү таасир этип, натыйжада капитал эсеби 3 518,6 млн. сомго көбөйгөн, ал эми Өкмөт алдында милдеттенмелер анын депозиттеринин өсүшүнөн улам, 9 278,0 млн. сомго көбөйгөн. Таза ички активдердин өсүшүнө, июль айында арылтуу операцияларынын көлөмүнүн төмөндөшүнөн, ошондой эле банктарга кайра каржылоо инструменттери боюнча каражат берүүнү арттыруудан улам Улуттук банктын коммерциялык банктарга карата таза талаптарынын көлөмүнүн көбөйүүсү салым кошкон.

**Акча топтомдорунун өзгөрүүсү**

Банктардан тышкары нак акчадан жана улуттук валютадагы депозиттерден турган *М2 акча топтому* 2014-жылдын январь-июль айлары ичинде 90 856,1 млн. сомду түзүү менен 0,1 пайызга азайган (2013-жылдын январь-июль айларында 8,3 пайызга көбөйгөн), бул банктардан тышкары акчалардын азайышы менен шартталган.

2014-жылдын январь-июль айлары ичинде M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы 2,1 пайызга көбөйүп 123 388,5 млн. сомду түзгөн, бул эң башкысы чет өлкө валютасындагы депозиттердин 8,7 пайызга көбөйүп, 32 532,4 млн. сомго жетиши менен шартталган (2013-жылдын январь-июль айларында M2X 11,9 пайызга көбөйгөн).

M2X акча массасынын түзүмүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- банктардан тышкары нак акча үлүшү – 49,8 пайыз (01.08.2013 карата – 53,6 пайыз);
- улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү – 23,8 пайыз (01.08.2013 карата – 22,6 пайыз);
- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү – 26,4 пайыз (01.08.2013 карата –23,9 пайыз).

Өтүп жаткан жылдын январь-март айлары ичинде жыл башынан бери улуттук валютанын кескин нарксызданышы менен шартталган долларлаштыруу деңгээлинин өсүшү байкалган (январдын башынан тарта 50,8 пайыздан марттын акырына карата 56,0 пайызга чейин), алмашуу курсунун туруктуу динамикасы жана сом ликвиддүүлүгүнүн кыскарышы долларлаштыруу деңгээлин 2014-жылдын июль айынын акырына карата акырындык менен 52,5 пайызга чейин төмөндөтүүгө шарт түзгөн.

Чет өлкө валютасындагы депозиттер 32 532,4 млн. сомду түзүү менен 8,7 пайызга өскөн, улуттук валютадагы депозиттер – 1,2 пайызга көбөйүп 29 401,7 млн. сомго чейин жеткен. Жыйынтыгында, аталган мезгил ичиндеги депозиттердин көлөмү 5,0 пайызга өсүп, 61 934,1 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь-июль айларында –16,4 пайызга). Банктардын тышкаркы акча көлөмү 2014-жылдын январь-июль айлары ичинде 61 454,4 млн. сомду түзүү менен 0,7 пайызга кыскарган (2013-жылдын ушул эле мезгилинде банктардан тышкаркы акчалар 8,3 пайызга көбөйгөн).

Кароого алынып жаткан мезгил аралыгында экономикага кредит[1] 23,4 пайызга өсүп, 70 547,5 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь-июль айларында – 20,5 пайызга).

Жылдын январь-июль айлары ичинде банк тутумунун таза чет өлкө активдери 3 065,0 млн. сомго көбөйүп (2,9 пайызга), 108 788,8 млн. сомго жеткен.

Июль айынын акырына карата банк тутумунун таза ички активдери 580,0 млн. сомго азайып, 14 599,7 млн. сомго жеткен (3,8 пайызга).

2014-жылдын 31-июлунан тартып эсептик чен 6,5 пайыз чегинде катталган.

Июль айынын акырына карата жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 6,0 пайызды түзгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөөчү M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору 2014-жылдын 1-августуна карата 1,691, M2 мультипликатору – 1,245 (2013-жылдын 1-августуна карата тиешелүүлүгүнө жараша 1,604 жана 1,221) чегинде катталган.

M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча топтому боюнча эсептелген экономиканы монетизациялоо коэффициенти 32,1 пайызды, M2 акча топтому боюнча – 23,5 пайызды (2013-жылдын январь-июль айларында – 31,0 жана 23,7 пайыз) түзгөн.

## Акча жүгүртүү ылдамдыгы

2014-жылдын июль айында акча жүгүртүү ылдамдыгы айдын акырына карата 3,1 пайызды түзгөн (M2X боюнча).

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банктын кассасына 532 026,3 млн. сом түшкөн, ал өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 116 138,7 млн. сомго же 27,9 пайызга көбөйгөн, кассадан берүүлөр 107 987,1 млн. сомго же 25,4 пайызга көбөйүп, 533 740,7 млн. сомду түзгөн.

2014-жылдын январь-июль айлары ичинде төлөм системасында финансылык тобокелдиктер деңгээли минималдуу чекте сакталган. Жүгүртүү коэффициенти 0,59, ликвиддүүлүк коэффициенти – 1,68 түзгөн.

[1] Өкмөттүн жана резидент эместердин кредиттерин эске албаганда, жеке адамдардын жана юридикалык жактардын, ошондой эле башка финансы-кредит мекемелеринин кредиттери